**Кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин 2023-жылдын 8-майында болуп өткөн Окумуштуулар кеңешинин № 8 протоколунан**

**к ө ч ү р м ө**

Төрага: Турганбаев Н.

Катчы: Заирова Н.

Катышканы – 19

Катышпаганы - 4

**Күн тартиби:**

1. ОшМУнун миссиясынын өзгөргөндүгүнө байланыштуу филология жана филологиялык билим берүү программаларынын НББПсынын максаттарын талкуулоо жана бекитүү

**Угулду:** Окумуштуулар кеңешинин төрагасы, доцент Н.Турганбаев ОшМУнун миссиясынын өзгөргөндүгүнө байланыштуу, НББПнын да максаттарын өзгөртүү керек экендигин айтты. Программа башчыларга сөз берди.

Филология программасынын башчысы М.Табалдиева: - Саламатсыздарбы? Миссиянын өзгөргөндүгүнө байланыштуу, билим берүү программанын да максаттарын өзгөртүү зарылдыгы туулат. Анткени биздин максатта да университеттин миссиясынын мазмуну чагылдырылышы зарыл. Бүгүнкү күндө заманбап методологиянын негизинде илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү, туруктуу өнүгүүнүн принциптерин жетекчиликке алуу, эмгек рыногунда атаандаштыкка туруктуу магистрлерди даярдоо болуп саналат.

Филологиялык билим берүү программасынын башчысы Раимбердиева З.: Бул программада да өзгөртүү менен сунуштарды киргизсек. Кесипте өзүн-өзү өнүктүрүүгө өзгөрүп жаткан дүйнөнүн жаңы шарттарына ылайыкташуу үчүн магистрлердин социалдык-инсандык сапаттарын өркүндөтүү сунушун киргизели. Андан сырткары магистрлердин социалдык-инсандык сапаттарын өркүндөтүү да замандын талабы болуп эсептелет.

Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү сунуштарды бир добуштан колдошту жана жана төмөндөгүдөй

**ТОКТОМ КЫЛЫНДЫ:**

**1**. ОшМУнун миссиясынын өзгөргөндүгүнө байланыштуу филология, филологиялык билим берүү программасынын максаттарына өзгөртүүлөр киргизилсин.

**2.** Максаттардын ишке ашышы дисциплиналардын мазмунунда (силлабус, ОМК) эске алынсын.

Төрага: Турганбаев Н.

Катчы: Заирова Н.

**Көчүрмө анык.**

Катчы: Заирова Н.

8-май, 2023-жыл